DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Самыйканов А.Т.*

# СОЦИОАНТРОПОМОРФТУК ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ГЕНЕЗИСИ

*Самыйканов А.Т.*

# ГЕНЕЗИС СОЦИОАНТРОПОМОРФНЫХ ПОНЯТИЙ

*A.T. Samyikanov*

# SOCIOANTHROPOMORPHIC CONSEPTS OF GENESIS

*УДК: 141 (575.2*

*Коомдун, жаратылыштын сырдуулугун мифологиялык аң сезим толук чече албагандыгы үчүн түздөн-түз антропоморфтук образды жараткандыгын тарыхый маалыматтар тастыктайт. Ойчулдардын философиялык чыгармаларын анализдөө менен мифоэпикалык элестетүүлөрдүн башатын билүүгө болот. Себеби философиялык дүйнөгө болгон көз караштын тегинде мифологиялык элестетүүлөрдүн негиздери жаткандыгы маалым. Байыртадан эле адам баласы өзүн, өз ишмердүүлүгүн кандайдыр табияттан сырт күчкө айландырып, аны таанып-билүүгө далалаттанып келген. Адамдаштырылган болмуштан, адам кейпиндеги кубулуштардан өз табиятын издеп келген. Анткени адам алгачкы учурда өзүн жаратылыштан бөлгүсү келген эмес. Дүйнөнүн сүрөттөлүшүн өздөрү каалагандай түзүп алуу менен бирге коомдук ишмердүүлүктү өздөрүнүн деңгээлине жараша элестетишкен. Антропоморфизм байыркы адамдардын аң-сезиминин калыптанышындагы белгилүү максатка багытталган социалдык кызыкчылыктарды номинализмдин айланасында чагылдырылган чыныгы реалдуулук болуп эсептелинет. Антропоморфтук түшүнүктөрдө бае материализмдин элементтери менен синкретизм биригишкен. Антропоморфизм аксиологиялык өзгөчөлүккө ээ болгондуктан табигый түрдө коомдук аң-сезимде орун алып келген. Кыргыз элинин антропоморфтук маданияты биздин ата бабаларыбыздын дүйнөгө болгон көз-карашын жана дүйнө таанымын чагылдырат. Тарыхый жактан өзүн-өзү таануу процессин калыптандырууга өбөлгө болот. Көчмөн элдин ар кандай тарыхты башынан өткөрүшү, элдик оозеки чыгармачылыгынын өсүп-өнүгүшүнө алып келди. Кыргыздар өздөрүнүн эпосторуна башка улуттардай эле тарыхка, адабиятка, искусствого,театргачагылдырган окуяларды киргизишкен. Биздин эпостор өзгөчө мазмунга,жашоо-турмуштун көп кырдуу жагын сүрөттөгөн тарыхый окуяларга, адамдардын тагдырын чагылдырган сюжетке бай.*

***Негизги сөзөр:*** *мифология, антропоморфизм, мифоэпика, аң-сезим, номинализм, аксиология, жаратылыш.*

*В поисках ответа на природные и общественные явления мифологическое сознание представляет сакральный мир в антропоморфных образах. Однако, в антропоморфных понятиях существовали и элементы натуралистических принципов. В целом, антропоморфизм является реальным отражением сознания в становлении человека в древние времена. И человек развивая свои познавательные способности, пытался определить свое место в явлениях природы, не выделяя себя от нее. В данной статье проводится анализ антропоморфных понятий с позиции мифологического и философского мировоззрения. С давних времен человек стремился понять себя, трансформируя себя и свои действия в некую сверхъестественную силу. Он искал свою собственную природу в человеческом существе, в феноменах человеческой формы. Потому что вначале человек не хотел отделять себя от природы. Они создавали образ мира по своему желанию и представляли социальную активность в соответствии со своим уровнем. Антропоморфизм - это реальная реальность, которая вращается вокруг номинализма социальных интересов, направленных на конкретную цель в формировании сознания древних людей. В антропоморфных концепциях синкретизм сочетается с элементами богатого материализма. Антропоморфизм в силу своих аксиологических особенностей естественным образом имел место в общественном сознании. Антропоморфная культура кыргызского народа отражает мировоззрение и мировоззрение наших предков. Исторически это способствует формированию процесса самопознания. Разнообразный опыт кочевых народов привел к росту и развитию фольклора. Кыргызы, как и другие народы, включали в свои эпосы рассказы, отражающие историю, литературу, искусство и театр. Наши былины богаты особым содержанием, историческими событиями, описывающими многогранность жизни, сюжетом, отражающим судьбы людей.*

***Ключевые слова:*** *мифология, антропоморфизм, мифоэпика, сознания, номинализм, аксиология, природа.*

*In search of an answer to natural and social phenomena, the mythological consciousness presents the sacred world in anthropomorphic images. However, in anthropomorphic concepts there were also elements of naturalistic principles. In general, anthropomorphism is a real reflection of consciousness in the formation of a person in ancient times. And a person, developing his cognitive abilities, tried to determine his place in the phenomena of nature, without distinguishing himself from it. This article analyzes anthropomorphic concepts from the perspective of a mythological and philosophical worldview. Since ancient times, man has sought to understand himself, transforming himself and his actions into a kind of*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*supernatural force. He looked for his own nature in the human being, in the phenomena of the human form, because at first, man did not want to separate himself from nature.They created an image of the world at will and presented social activity in accordance with their level. Anthropomorphism is a real reality that revolves around the nominalism of social interests aimed at a specific goal in shaping the consciousness of ancient people. In anthropomorphic concepts, syncretism is combined with elements of rich materialism. Anthropomorphism, due to its axiological characteristics, naturally took place in the public consciousness. The anthropomorphic culture of the Kyrgyz people reflects the worldview and worldview of our ancestors. Historically, this contributes to the formation of the process of self-knowledge. The diverse experiences of nomadic peoples have led to the growth and development of folklore. The Kyrgyz, like other peoples, included stories in their epics reflecting history, literature, art and theater. Our epics are rich in special content, historical events that describe the versatility of life, a plot that reflects the fate of people.*

***Key words:*** *mythological, mythoepical, anthropomorphic, consciousness, nominalism, axiology, nature.*

Кыргыздардын философиясы өзгөчө орунга ээ десек көптүк болбойт, анткени коом өнүккөн сайын өзүнүн басып өткөн доорун философиялык рефлексияга айлантуу менен келечекке умтулат.

Социоантропоморфизм түшүнүгүнүн келип чыгышы, анын адам жана табият менен андагы болуп жаткан процесс, кубулуштарды айкындап көрсөтүү бирден бир маселе болуп эсептелет. Антропоморфизм (грек тилинен antropos-адам жана morhe-түр, форма) жаныбарлардагы психикалык касиеттерди жана жөндөмдүүлүктөрдү элестетүү, бул болсо албетте адамдарга гана тийиштүү нерсе. Коомдук жашоону анализдөөнү биз аны дүйнөлүк космостук жашоого орнотуудан баштайбыз жана буга коомдук акылды (социумду), бизди курчап турган реалдуулукту система катары кароону кошо камтыйбыз. Бул маселенин чечилиши тирүү жана жансыз, табигый чөйрөнү түзгөн коомдун айырмаланышын жана карым катышын белгилейт.

Л. Фейербах өзүнүн чыгармаларында антропологиялык маселелер адамдын аң-сезиминде өзгөчө орунду ээлегенин баса белгилейт.

Адамдар дароо эле өзү тарабынан жаратылган дүйнөнүн жаратылыштан кандай айырмасы бар экендигин биле алышкан эмес. «Жапайылар» деген китепте бизге белгилүү болгондой, адамдар жаратылышты жандандырышкан, жандуу, жансыз нерселерди ойлонууга, каалоого, кыймылга келтирүүгө аракет кылышкан.

Жаныбарлардын жүрүш турушунун адамзаттык жүрүш туруштардын негизинде антропоморфтук талкуулоо адам менен айбанаттын ортосундагы чекти сүрүп жок кылууга алып барат жана адамзаттык психиканын сапаттык өзгөчөлүктөрүнө маани бербөөгө, эмгек ишмердүүлүгүнө шартталган коомдук жашоону жана адамдын жашоосундагы коомдук факторлордун ролун, адамзаттын өнүгүүсүндөгү ордун жокко чыгарууга алып барат. Мына ушул концепциялар жылмакай эволюционизмге негизделген, редукционисттик жөнөкөйлөштүрүүчүлүк айбанаттардын жана адамдын биологизациялык жүрүш турушунун салыштыруусуна жана коомдук факторлор менен коомдук-тарыхый мыйзам ченемдүүлүккө негизделген.

Эл адамдардын тарыхый бирикмеси катары тилди, территория, экономикалык турмуш, психикалык түзүлүштү өзүнчө камтыйт жана өзүнө таандык белгилери бар... Коомдук байланыштар бардык адамдык бирикмелер үчүн мүнөздүү болгону менен ар бирине таандык өзгөчөлүгү да болгон [1, 16-б.]. Ошондуктан ар бир эл өзүнүн өзгөчөлүгү менен коомдук процессти алдыга жылдыруусу өзүнө тийиштүү, мүнөздүү белгилерди кийинки муунга калтыруу менен жашайт. Социоантропоморфизм түшүнүгүнө коомдун келип чыгышы, андагы мыйзам ченемдүүлүктөр түздөн-түз түрткү болду десек болот. Байыркы адамдарда коомдогу кубулуштарды жаратылыштын процесстерине байланыштыруу табигый нерсе катары түшүндүрүлгөн.

Ушундай дүйнөнү антропоморфтук кабыл алуунун формасы ишенимдердин жана каада-салттардын системасы, адамдын, жаратылыштын ар кандай күчтөрү менен тууганчылык катышын билдирген-тотемизм болуп эсептелет [2, 77-б.]. «Жапайылар» өздөрүн жана өздөрүнүн жакындарын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн туугандары деп эсептөө менен илимпоздорду: «кантип адам бака менен тууганчылыгы бар же болбосо аары менен тоту куш тууган болсун» деп баш оорутууга алып келген. Бул суроолорго жооп берүү менен этнографтар ар дайым алгачкы адамзаттык коллективдин жашоо чөйрөсүнүн жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн органикалык байланышын белгилеп келишкен, ал эми бул өз кезегинде тууганчылык байланыш катары каралып келген. Адамдарда алгачкы элестетүүлөр үйлөрдө жашаган учурда эмес, үңкүрлөрдө жашаган мезгилде, кездемеден кийимдерди эмес, аң-уулоодон тапкан терилеринен кийим кийген кезде, өз колу менен өстүрүлгөн тамак ашты эмес, токойдон табылган азыктарды колдонгон учурда келген. Ал кезде адамдар өз алдынча жашоо шарттарын түзө алышкан эмес жана жара-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



тылыш тарабынан берилген нерселерди тартуу катары кабыл алышкан [3, 188-б.]. Жашоонун мындай жолу адамдарга өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн сезе билүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес, алар өздөрүн дүйнөдө аларга чейин пайда болгон нерселерди жаратуучу катары сезе билүүсүнө чек койгон. Мындай аң-сезимди иштеп чыгуу үчүн адам жаратылыштын ага чейинки жаралган ишмердүүлүгүн жаратууну билиши керек болгон. Анын жыйынтыгы болуп жашоо-чөйрөсүнүн акырындык менен өзгөрүүсү, башкача айтканда «табигый ландшафттардын» ордуна жасалма дүйнөнүн келиши, завод, фабрикалардын курулушу, шоссе менен аэродромдордун, көз ачыштырган стадиондордун пайда болуусу жаратылыштын душманы катары каралып келет.

Байыркы адам түшүнүк аппаратынын, абстрактуу-логикалык ой чабытынын чабалдыгынан, конкреттештирилген, сезим-туюм факттарынан алыстай албай, образдуу-туюмдуу чындыктан арыла албагандыгынан субстанция менен акциденциялык тутуму зарылдык түшүнүгүн кубултуп, жандуу көрүнүшкө айландырган. Мындай ойлом акыбалы өз милдетмүдөөсүн окуялардын реалдуу өнүгүшүнө таптакыр карабаган, сөзсүз аткара турган материалдуу эмес, табияттан сырт, таанып-билүүгө мүмкүн эмес мифий трансценденттүү тагдыр жөнүндөгү пикирди жараткан. Эгерде ырасында субъекттен сырт дүйнөдө объекттер өз ара зарыл байланышта болуп, аң-сезимге көз-каранды болбосо, мифий ой-бүтүмдө, тескерисинче, мындай объективдүү байланыш-мамиледеги нерселер бири-бирине тиешеси жок көрүнүштөрдөй туюндурулуп, зарылдык алардын (өз ара байланыштагы объекттердин) алкагынан чыгарылып, кандайдыр өзгөчө турган, алар менен байланышы жок, аларга тиешеси жок күчкө айланат. Нерсе-көрүнүштөрдүн жашап турушу, өсүп-өнүгүшү түбөлүк аныкталган дүйнө зарылдыгы, абсолюттуу кокустук тагдырдын буйругуна байланыштуу. Жазмыш, тагдыр амири реалдуу процесстерден келип чыкпагандан кийин кандайдыр мыйзамченемдүү болушу мүмкүн эмес. Ал реалдуу окуялар менен тамырлаш болбогон соң, сөзсүз ишке ашат, андан кутулуу мүмкүн эмес. Жалпы жонунан зарылдык нерселердин тизмек аракетин тизгиндеп турган тагдыр жазмыш сымал, эч кандай өзгөрүүгө дуушарланбаган улуу күчтөй элестетилет. Ал жараткан нерселер ар дайым кыймылда болуп, өнүп-өзгөрүп, өтүп-кетип турса, ал өзү кебелбейт, өзгөрбөйт.

Байыркы индус мифологиясында "рита" адам баласын курчап турган дүйнөнүн калыбы, эрежетартиби жана кебелбес калыстык сымал пикирди туюндурган. Ааламда болуп жаткан, боло турган нерселер, кубулуш-көрүнүштөрдүн түп башталмасы рита. Бардыгы, бүтүндөй аалам, андагы нерсе-кубулуштар ритадан келип чыгып, анын көрүнүшү болуп эсептелет. Ал этимологиясы боюнча "ри"-басуу, кыймыл, жол деген сөздөн келип чыгып, мифий аң-сезимдер асман телолорунун, жыл мезгилдеринин, күн менен түндүн туруктуулугун туюндурган астрономиялык байкоолордун негизинде пайда болгон. Мындай астрономиялык байкоолор алмустакта эле дүйнөлүк өнүгүштө объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөр аркылуу жөнгө салынары тууралуу үзүл-кесил ойлорду жараткан [4, 52-б.].

Адамзаттын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүнүн өнүгүүсүнөн адамдардын коомдук-маданий жөндөмдүүлүктөрү пайда болгон. М.Мамардашвилинин оюу боюнча адамдын дүйнө таануусу түздөн-түз рефлексия менен байланыштыруусун белгилеген. Демек, биз эки нерсени: биринчиден, философия эмне экендигин жана экинчиден ал мифологиялык салттуулуктун айдыңында болоорун билебиз.... - бизде өз алдынча ой-жүгүртүүнүн кандайдыр бир актысы. "Бул метафора жана мифтик образындагы көп миң жылдык жамааттык, аты жок каада-салт" [5, 12-б.].

Бул татаал процесстердин жыйынтыгында цивилизацияланган элдерде өздөрүн жаратылышка окшоштурбаган сезимдер пайда боло баштаган, алар өздөрүн жаратылыштан бөлүнүп чыккан чет нерсе катары эсептей башташкан жана гипертрофировандык формага ээ боло башташкан. Маймылдар дагы, башка жаныбарлар дагы акырындык менен «тууғандык» катардан категориясы менен айырмаланган «жандуу» объекттин катарына өтүшкөн, ал эми бул нерсе адамзаттык жашоонун нормаларына жана эрежелерине туура келген эмес.

Албетте, антропоморфтук ой-жүгүртүүнүн үзүмдөрү коомчулуктун аң-сезиминен дароо эле кете койгон эмес, айбанаттарга жасалган «көрсөтмө процессте» алар официалдуу түрдө тигил же бул кылган күнөөлөрү үчүн жазага тартылышкан. Азыркы заманбап жарандын оозунан «коом жаратылыштын бир бөлүгү» деп айткан оюн угууга болот. Бирок, контентанализ көрсөткөндөй, «жаратылыш» термини бул учурда коомго чейинки физикалык же биологиялык чындык эмес, кенен маанисинде, «космостук» сөздүн маанисинде колдонулат.

Заманбап элдердин интуитивдик өздүк идентификациясы өз алдынча алар тарабынан жаралган коом, жаратылыштан айырмаланып, коомдук жана жаратылыштык процесстердин ортосун бөлүп турат.

Чындыгында объекттин спецификалык касиети

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



ага тийиштүү гана касиеттерине, башкача айтканда бир объектти экинчи объекттен айырмалап турган касиетине ээ болот жана ал анын сапаттык өзүмчүлдүгүн аныктайт.

Кубулуштардын бири-бирине тийгизген таасиринин процессинде чындыкты туура чагылдыруу жана аны бузуп, туура эмес берүү мүмкүнчүлүгү бар. Мындай мүмкүнчүлүктөр түздөн-түз коомдун аң-сезиминин жогорку деңгээлге өтүүсү бир себеп боло алат. Анткени адам айлана чөйрөнү болгон түшүнүк менен гана болгон кубулушту өзүнө салыштырмалуу аны менен бирге өзү теңдүү кабыл алган. Чындыктан аң-сезимди бөлүп алуу, адам тарабынан таанып-билинген жалпы түшүнүктөрдү ыйыкташтыруу [6, 24-б.].

Дүйнөнү алгачкы адамдар күнүмдүк түшүнүктөр менен кароонун социоантропоморфтук формасы дүйнөнү мифологиялык түшүнүү болот. Анткени адам алгачкы учурда өзүн жаратылыштан бөлүгүсү келген эмес. Грек сөзүнөн алганда “myfhos” бир нече мааниге ээ: “баян”, “кеп”, “икая”, “ой жүгүртүү”, “кабар”. Бир сөз менен айтканда миф бул-элдик баяндар, баатырлар, жаратылыштык кубулуштар жана кудайлар жөнүндө баян. Мифология элдердин дүйнө таануударынын байыркы өнүгүү убактагы негизги формасы. Чындыкты рухий жактан чагылдыруунун бир түрдүү жагы. Алардын дүйнөгө болгон көз-карашы бардык нерселерди жана кубулуштарды бири-бири менен байланыштуу кабыл алганында. Мындай касиеттерди бир заттан экинчи затка оодарышка боло тургандыгы анык болот. Мифология жаратылыштык күчтөрдүн сезимдик образдар кейибинде кабыл алгандыгына негизделет (жаныбарлар, жырткычтардын мисалында). Мифтик кубулуштардын иш-аракети адамзат үчүн табигый нерседен чет нерсе эмес, реалдуу, жөнөкөй, эч кандай шектендирүүнү жаратпаган иш аракет.

Алгачкы коомдук ой-жүгүртүүнүн түрдүү теориясы белгилүү. Вундттуку боюнча - эффективдүү, Прейстики боюнча-комплекстүү, Леви-Брюльдуку боюнча паралогиялуу, Фрейзердики боюнча магиялуу, Касирердики боюнча символикалуу, Фрейддики боюнча сексуалдуу [6, 25-б.].

Мифтик жаратуучулук адамзаттын тарыхында, маданиятта эң керектүү объективдүү кубулуш болуп эсептелет. Рухий маданияттын феномени катары “миф анын жаратылыш доорунун дүйнөтаанымын жана дүйнөтүшүнүгүн берген”.

Рухий жан-дүйнө өзүнө: ысымды ой-жүгүртүүнү, тилди, өзүн-өзү таанууну, кызыл тилдүүлүктү, чындыкты таанууну, намысты, өзүнө болгон мамилени, искусствого болгон мамилени, ата-бабаларга болгон мамилени камтыйт [7, 225-б.]. Ушундан улам руханийлүүлүк-өзүнүнү ичинен адамзаттык жашоону камтыган кеңири түшүнүк деген жыйынтык чыгарууга болот. Руханийлүүлүктүн натыйжасында адамзаттын эң мыкты чыгармаларынын үлгүлөрү, эң ыйык, эң баалуу. Элдин, адамдын турмуш тажрыйбасынын жыйынтыгында алынган практикасы түптөлөт. Адамзат өзүнүн рухий жан-дүйнөсү аркылуу өзүн-өзү таанытат, кабыл алат. Руханийлик-бул адамдын өзүн-өзү идентификациялоонун бирден-бир жолу. Бир сөз менен айтканда “ой-жүгүртүү”, “аң-сезим”. Ошондой болсо да “жан” деген сөз мааниси боюнча өтө көп түрдүү. “Жан” деген сөздүн негизинде материяга карама-каршылыктуу иматериалдуу субстанция же экзистенция. Ал адамзаттын ишмердүүлүгүнө сүңгүп кирет. Адамдын суроо-талаптары гана адамдарды, аларды курчап турган дүйнөнүн келип чыгышы жөнүндө ойлонууга түрткү берген.

Алгачкы коомдук ой-жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү конкреттүү-сезимдик болгондугуна, ал теоретикалык абстрактуу эмес,башкача айтканда көбүрөөк көрсөтмөлүү. Алгачкы коомдун адамы жаратылыш күчтөрүн өзүнө антропоморфтук жол менен өздөштүргөн.

Ал ой-жүгүртүү алгач методологиялык мүнөздө болгон. Бул аң-сезим иллюзиясынын алмаштырып тургандыгы менен мүнөздөлөт. Жандуу жана жансыз касиеттер бири-бирине таасирин тийгизишет, орундары менен алмашат. Жыйынтыгында объекттин сапаты алмашат жана анын кайра жаралуусуна, өзүн-өзү жок кылуусуна алып келет.

Мындай ой-жүгүртүүлөргө карабай, ар бир объект өзүнүн жашоосунда бирден-бир касиеттеринин жыйындысына ээ болот (бул болсо алардын абалдарынын алмашуусуна таасирин тийгизет), бул касиеттерди түзүп турган бирден-бир сапаты алардын классификациялоо шарттарында, систематизациялоо объектисинде пайда болот.

Бирок объекттин өзүнө тиешелүү касиеттерин, өзгөчөлөп турган сапатын кандай жол менен аныктоо керек? Тилекке каршы, бардыгы салыштырма, объектилерди чектөөдөн көз каранды болгондуктан, жалпы бир методу жок. Чындыгында эле, объекттин сапатын аныктоо үчүн анын субстраттык касиетин тактоо керек.

Мындай субстраттык метод тирүү эмес, жаратылыштын объектисин аныктоо үчүн керектелет. Алар өзүнө-өзү тең, эч кандай башка касиеттерге ээ эмес: (атомдук түзүлүшкө, тартылуу күчүнө, жылуулук өткөрүү күчүнө, кычкылдануу касиетине жана башка ушул сыяктуу касиеттерине ээ эмес).

Субстраттык катыш биологиялык объектилерди

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мүнөздөөгө жетишсиз. Биологиялык организмдин органдары менен адамдардын колдору, буттарынын ортосундагы айырмачылыкты түшүнүү аракеттери натыйжасыз болот. Бул нерселер коомдук объекттиге катышы бар болот, ал эми ага физика-химиялык касиеттер тийиштүү [8, 75-б.]. Ушул гана нерсе эки объектти бири-биринен айырмалап турат. Эгер биз кааласак, үтүк сымал стаканды жасап алабыз. Бирок алардан сырткары окшоштуктарына карабастан стакандан суусундук ичилет, ал эми үтүк менен кийим үтүктөлөт. Бул айтылгандар жасалмалуукtan келип чыккан коомдук объекттиге тиешелүү, бул болсо адамдар тарабынан атайын жаралган белгилүү бир функцияларды аткаруу үчүн табигый жол менен жаралган биологиялык объектилер (алар өз кезегинде жандуу органдар системасынын бир бөлүгү) жашоо чөйрөсүндө маалыматтын өзүн өзү сактоонун функционалдык биримдүүлүгүн камсыз кылууну шарттайт.

Кыргыздардын тарыхында, алгачкы этабында кыргыздар политеисттер болушкан, башкача айтканда, алар асманга, (Теңир) жерге жана сууга сыйынышкан [9, 29-б.]. Бул болсо, жаратылыштын бөлүгү кыргыздардын дүйнө таанымынын алгачкы шарттуу элементи болуп саналат. Мында жаратылыштын негизги гана бөлүгү сыйынууга татыктуу болгон. Жер, суу жашоонун булагы катары саналган. Ошондой эле кыргыздар отко табынышкан. Алардын оюу боюнча от адамдарды жамандыктан сактап, чет күчтөргө каршы турууга жардам берет деп ишенишкен. Алардын элестетүүлөрү боюнча от баардыгынан ыйык катары саналган. Бул кубулуштардын бардыгы этикалык эрежелерди сактоо аркылуу иш жүзүнө ашкан. Асман, жер, суу, от булардын бардыгы моралдык жактан оң нерселерди элестетишкен. Бул жашоо образы-кыргыздардын эпикалык калыптануусунун алгачкы кадамы болгон.

**Адабияттар:**

1. Кулматов Н.К. “Кыргызчылык”. - Б.: Илим, 1994. - 76-б.
2. Чанышев А.Н. Начало философии. - М., 1982. - 182-б.
3. Лосев А.Ф. «Философия. Мифология. Культура». - М., 1991. - 525-б.
4. Бекбоев А.А. «Фрагмент». - Б., 2006. - 270-б.
5. Мамардашвили М.К. “Философия чтения”. - СПб.: 2002. - 420-б.
6. Шахнович М.И. “Первобытная мифология и философия”. - Л., 1971. - 240-б.
7. Симонов П.В., Ершов П.М Вяземский Ю.П. “Происхождение духовности”. - М.: Наука,1989. - 352-б.
8. Леви Строс. “Первобытное мышление”. - М.,1994. - 360-б.
9. Козубаев Ө.К. “Этническая мысль в ретроспектие”. - Б., 1995. - 73-б.